Долбоор

**Жекелештирүү каражаттарынын маселелери боюнча актыларды бекитүү жөнүндө**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ**

“Товардык белгилер, тейлөө белгилери, географиялык көрсөтмөлөр жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 54-беренесин ишке ашыруу максатында жана “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Бекитилсин:

- Товардык белгини жана тейлөө белгисин каттоого өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун эрежелери 1-тиркемеге ылайык;
- Географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдалануу укугун берүүгө өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун эрежелери 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы №153 “Товарлар чыгарылган жерлердин аталышын каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү жана катталган товарлар чыгарылган жерлердин аталышын пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөтүүлөр киргизилсин:

- преамбуладагы “тейлөө” деген сөздөн кийин “, географиялык географиялык көрсөтмөлөр” деген сөздөр менен толуктолсын;

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Товарлар чыгарылган жерлердин аталышын каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү жана катталган товарлар чыгарылган жерлердин аталышын пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелеринин:

- преамбуласындагы “тейлөө” деген сөздөн кийин “, географиялык географиялык көрсөтмөлөр” деген сөздөр менен толуктолсын;

-1- пункттун:

экинчи абзацындагы “юридикалык же жактар” деген сөздөр алардын мүчөлөрү уставдын негизинде иштеген ассоциациялар” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

“1” жана “27” цифралары “2” жана “34” цифраларына алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

"Белгиленген тартипте катталган товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугу кийин Мыйзамдын 35-беренесинин 5-бөлүгүндө аталган жактар товардын касиеттерин жана мүнөздөмөлөрүн тастыктаган шартта, ошол эле географиялык объектте турган жана ошол эле касиеттери жана мүнөздөмөлөрү менен товарды чыгарган кайсы болбосун юридикалык же жеке жакка берилиши мүмкүн.";

- 2-пункттагы "почта аркылуу" деген сөздөн кийин "кагаз түрүндө же өтүнмөлөрдү электрондук түрдө берүүнүн системасы (мындан ары - ӨЭБ) аркылуу электрондук форматта" деген сөздөр менен толукталсын. ӨЭБ системасы аркылуу өтүнмө берүүнүн тартиби Кыргызпатент бекитүүчү, ӨЭБ системасын пайдалануу боюнча нускама менен аныкталат.";

- 3-пункттун:

экинчи абзацындагы "тарабынан" деген сөз "өзү, өкүл аркылуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

"Чет өлкөлүк юридикалык жактар же Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашаган жеке жактар же алардын патенттик ишенимдүү өкулдөрү эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер менен башка тартип белгиленбесе, Кыргызпатентте катталган патенттик ишенимдүү өкүлдөр аркылуу гана товар чыгарылган жерлердин аталышын каттоого жана аларды пайдаланууга укук берүүгө же катталган товар чыгарылган жерлердин аталышын пайдаланууга укук берүүгө байланыштуу иштерди жүргүзүшөт.";

төртүнчү абзацтагы "ишеним кат" деген сөздөрдөн кийин "түп нускасы" деген сөздөр менен толукталсын;

алтынчы абзацтагы "Кыргыз Республикасы алардын катышуучусу болуп эсептелген эл аралык келишимдерге байланыштуу белгиленген мыйзам тартибинде" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 8-пункттун экинчи абзацындагы "жашаган ордун," деген сөздөн кийин "топтун, ассоциациянын (бирликтин) уставын жана электрондук почтанын дарегин" деген сөздөр менен толукталсын;

- 9-пункт төмөнкүдөй мазмундагы бешинчи жана алтынчы абзацтар менен толукталсын:

"- Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык өтүнмө ээсинин жеке маалыматтарын чогултууга, иштеп чыгууга, топтоого, сактоого жана жайылтууга жазуу түрүндөгү макулдугу (жеке жактар үчүн);.

- патенттик ишенимдүү өкүлгө жана/же өкүлгө нотариалдык күбөлөндүрүү талап кылынбаган ишеним кат.”;

- 10-пункт:

төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

“Өтүнмө жана ага тиркелүүчү документтер ушул Эрежелердин 12-пунктунда каралган шарттарды сактоо менен, электрондук түрдө берилиши мүмкүн.”;

төмөнкүдөй мазмундагы экинчи жана төртүнчү абзацтар менен толукталсын:

“Өтүнмөнү жана ага тиркелүүчү документтерди электрондук түрдө толтурууга кошумча талаптар же алып салуулар, кол тамганы тариздөөгө талаптардан тышкары, Кыргызпатент тарабынан бекитилүүчү жана жарыялануучу АЭК системасын пайдалануу боюнча нускама менен белгиленет.

Арыздын электрондук формасы эгер өтүнмө Кыргызпатенттин расмий веб-порталы аркылуу берилсе, квалификациялык электрондук кол тамга (мындан ары – КЭК) аркылуу кол коюлат.

Эгер өтүнмө Бирдиктүү идентификациялоо жана аутентификациялоо системасы (Кыргыз Республикасынын электрондук кызмат көрсөтүүлөрүнүн мамлекеттик порталы) аркылуу берилсе, КЭК талап кылынбайт.”;

- 11-пункт төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

«11. Өтүнмөнү кагаз түрүндө бергенде өтүнмөгө тиркелген документтер басылган түрүндө бир нускада берилет.”;

11-пункттун экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 12-пункттун:

биринчи абзацындагы “ушул Эрежелерге карата 2-тиркемеде келтирилген” деген сөздөр “Кыргызпатент тарабынан белгиленген» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

төртүнчү абзацтагы “71” цифрасы “731” цифрасына алмаштырылсын;

бешинчи абзацтагы “көрсөтүлөт” деген сөздөн кийин “Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (мындан ары – СИН), ошондой эле болсо” деген сөздөр менен толукталсын;

алтынчы абзацтагы “Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмунун (мындан ары - ИМБДУ) ST.3 стандарты” деген сөздөр “Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмунун ST.3 (мындан ары – ИМБДУнун ST.3 стандарты) деген сөздөр менен алмаштырылсын;

жетинчи абзацтагы:

“71” цифрасы “731” цифрасына алмаштырылсын;

“телекс, факстын номурларын, e-mailын (эгер бар болсо)” деген сөздөр “анын ичинде мобилдик телефондорунун номерин, электрондук почтасынын

экиден кем болбогон даректерин (мындан ары - e-mail), эгер болсо, ошондой эле факстын номерин” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

сегизинчи абзацтагы:

“98” цифрасы “750” цифрасына алмаштырылсын;

“телекс, факстын номурлары, e-mail (эгер бар болсо)” деген сөздөр “анын ичинде мобилдик телефондорунун номери, экиден кем болбогон e-mail даректери жана эгер болсо, факстын номери” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

тогузунчу абзацтагы “Кыргызпатентте катталган” деген сөздөр “e-mail жана мобилдик телефондорунун номери” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

онунчу абзацтагы:

“74” цифрасы “740” цифрасына алмаштырылсын;

“телекс, факстын номурларын, e-mailын (эгер бар болсо)” деген сөздөр “анын ичинде мобилдик телефондорунун номерлери, экиден кем болбогон e-mail даректери жана эгер болсо, факстын номери” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

он биринчи абзацтагы “54” цифрасы “540” цифрасына алмаштырылсын;

он жетинчи абзацтагы “Мыйзамдын 28-беренесинин төртүнчү бөлүгүнөн” деген сөздөр “Мыйзамдын 35-беренесинин 6-бөлүгүнөн” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

он тогузунчу абзацтагы “Мыйзамдын 29-беренесинин бешинчи бөлүгүнүн экинчи абзацына” деген сөздөр “Мыйзамдын 37-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

жыйырма биринчи абзацтагы “Мыйзамдын 29-беренесинин бешинчи бөлүгүнүн үчүнчү абзацына” деген сөздөр “Мыйзамдын 37-беренесинин 4-бөлүгүнүн 2-пунктуна” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

14-пункттун бешинчи абзацындагы “алар алган” деген сөздөр “жиберген” деген сөз менен алмаштырылсын;

- 16-пункттагы “Мыйзамдын 30-беренесинин экинчи бөлүгүндө” деген сөздөр “Мыйзамдын 38-беренесинин 3-бөлүгүндө” деген сөз менен алмаштырылсын;

- 18-пункттун үчүнчү абзацындагы “алган” деген сөз “жиберген” деген сөз менен алмаштырылсын;

- 19-пункттагы:

“Мыйзамдын 30-беренесинин 4-бөлүгүнө” деген сөздөр “Мыйзамдын 38-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына” деген сөз менен алмаштырылсын;

экинчи абзацтагы “алгандан” деген сөз “жибергенден” деген сөз менен алмаштырылсын;

үчүнчү абзацтагы “жүйөлүү себептери болбостон” деген сөздөр алып

салынсын;

- 20-пункттун:

үчүнчү абзацындагы “экспертизанын алдын ала чечимине” деген сөздөр алып салынсын;

төртүнчү абзацындагы “мөөнөттү өткөрүп жиберүүнүн жүйөлүү себептери тастыкталган” деген сөздөр “алымды төлөгөн” деген сөз менен алмаштырылсын;

- 21-пункттагы “товар” деген сөздөн кийин “Географиялык көрсөтмөлөрдүн жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарынын мамлекеттик реестрине (мындан ары – Реестр)” деген сөздөр менен толукталсын;

- 24-пункт төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

“Өтүнмө электрондук форматта берилген учурда, өтүнмө ээсине электрондук кабарлама менен билдирилет.”;

- 25-пункттун:

1-пунктчасынын;

экинчи абзацындагы “ичинде” деген сөз “ичинде” деген сөз менен алмаштырылсын;

үчүнчү абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

3-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы он төртүнчү абзац менен толукталсын:

“м) “Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык өтүнмө ээсинин жеке маалыматтарын чогултууга, иштеп чыгууга, топтоого, сактоого жана жайылтууга жазуу түрүндөгү макулдугу (жеке жактар үчүн).”;

он сегизинчи абзацтагы “к,” тамгасынан кийин “м” тамгасы менен толукталсын;

5-пунктчасынын:

экинчи абзацындагы “алган” деген сөздөр “ жиберген” деген сөз менен алмаштырылсын;

сегизинчи абзацындагы “сурам жиберилген күндөн тартып, төрт айдын ичинде” деген сөздөр алып салынсын;

6-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү жана бешинчи абзацтар менен толукталсын:

“Алдын ала экспертизанын оң жыйынтыгы жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин ведомствонун расмий сайтында жыйырма жумушчу күндүн ичинде Кыргызпатент тарабынан белгиленген форма боюнча берилген өтүнмөлөр жөнүндө маалымдар жарыяланат.

Өтүнмө жарыяланган датадан тартып үч айдын ичинде кандай болбосун кызыкдар жак жазуу түрүндө жүйөлүү каршы пикирин билдирүүгө укуктуу,

ал каттоо же каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим чыгарууда экспертиза тарабынан каралат.”;

- 26-пункттун:

1-пунктчасындагы “Мыйзамдын 27-беренеси менен” деген сөздөр “өтүнмө берген датадан тартып алты ай өткөнгө чейин Мыйзамдын 34-беренесинин 2-бөлүгү менен” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2-пунктчанын:

төртүнчү абзацындагы “Мыйзамдын 27-беренесинде” “Мыйзамдын 34-беренесинин 2-бөлүгүндө” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

алтынчы абзацтагы “Кыргыз Республикасынын товарлар чыгарылган жерлеринин аталыштарынын мамлекеттик реестринде (мындан ары – Реестр) деген сөздөр “Реестрде” деген сөз менен алмаштырылсын;

3-пунктчанын экинчи абзацындагы “Мыйзамдын 27-беренесинде” деген сөздөр “Мыйзамдын 34-беренесинин 2-бөлүгүндө” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

5-пунктчанын төртүнчү абзацындагы “1 жана 2-тиркемелердин” деген сөздөр алып салынсын;

6-пунктчанын экинчи жана үчүнчү абзацтарындагы “27-беренесинде” деген сөздөр “34-беренесинде” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

7-пунктчанын:

экинчи абзацындагы “27-беренеси” деген сөздөр “34-беренеси” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

үчүнчү абзацындагы “Мыйзамдын 28-беренесинин төртүнчү бөлүгү жана 27-беренеси менен” деген сөздөр “Мыйзамдын 34-беренеси жана 35-беренесинин 6-бөлүгү менен” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 27-пункттун:

1-пунктчасынын экинчи абзацындагы “өтүнмө ээси сурам алган” деген сөздөр “өтүнмө ээсине сурам жиберген” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы 4-бөлүм менен толукталсын:

«4. Өтүнмөлөрдү кайра түзүү

29. Товар чыгарылган жердин аталышы жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоого өтүнмө ылайыгына карата географиялык көрсөтмөгө жана географиялык көрсөтмөнү каттоого өтүнмөгө жана ушул Эрежелердин талаптарын сактаган шартта тескерисинче кайра түзүлүшү мүмкүн.

30. Ушундай кайра түзүүнүн тартиби Кыргызпатент тарабынан белгиленет.”;

3. Каттоого өтүнмө берилген товардык белгинин Кыргыз Республикасындагы катталган фирмалык аталыштар менен жаңылышуу деңгээлине чейин окшош же бирдей экендиги жөнүндө маселени чечүүдө Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) жана ЖМКнын

электрондук маалыматтар базасын оптималдаштыруу жүргүзгөнгө чейин Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын фирмалык аталыштарынын мамлекеттик реестри пайдаланылары белгиленсин.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 20-майындагы №263 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун 6-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы**